УДК: 371.3: 494.3: 8.085.4
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/2-61-67

**Мусаева В.И.**
педагогика илимдеринин доктору, профессор
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
musaieva58@mail.ru
**Байбосова Д.К.**
аспирант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
baibosova1961@mail.ru
**Гапарова А.Э.**
аспирант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
gapparovaaizamal@gmail.com

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК, ЭТНОЛИНГВИСТИКАЛЫК БАГЫТТА ОКУТУУНУН ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация.** Бул аталган илимий макалада билим берүү мекемелеринде кыргыз тилин эне тили, улуттук тил, мамлекеттик тил катары окутуп-үйрөтүүдөгү этнопедагогикалык, этнотарыхый, этнолингвистикалык илимий-теориялык булактар тууралуу сөз болду. Тактап айтканда, Махмуд Кашгаринин XI кылымдын 1071-1074-жылдарда жазылган “Түрк тилдеринин сөздүгүндөгү ” (“Диваны лугатит түрк” ) кыргыз тилин окутууга тиешеси бар этноэнетил жаатындагы жана ошол эле XI кылымдагы Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим” аттуу эмгегиндеги этноадабият, этнолингвистика, этнопедагогика, этномаданият таануучулук, этнофилософиялык жаатындагы акыл-насаат үлгүсүндөгү дидактикалык чыгармалардын бүгүнкү окутуу процессиндеги маани-маңызы талдоого алынып, ал чыгармалардын баалуулуктары көрсөтүлдү. Кыргыз тилин этнопедагогикалык, этнолингвистикалык багытта окутууда илимий-теориялык булак катары кызмат өтөй турган илимий-теориялык изилдөөлөргө талдоо жүргүзүлдү, ошону менен бирге эле, эне тилин, улуттук тилди этнопедагогикалык негизде окутуп-үйрөтүү маселесинин толук кандуу ишке ашырылышынын зарылдыгына айрыкча басым жасалды.

**Негизги сөздөр:** эне тилин этнопедагогикалык, этнотарыхый, этнолингвистикалык негизде окутуу, элдик педагогика, улуттук идея, улуттук дем, уңгужол, илимий-теориялык изилдөөлөр, этнопедагог окутуучу.

**Мусаева В.И.**
доктор педагогических наук, профессор
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Байбосова Д.К.**

аспирант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Гапарова А.Э.**
аспирант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## НАУЧНО-ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ ПРЕПОДАВАНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА В ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКОМ И ЭТНОЛИНГВИСТИЧЕСКОМ НАПРАВЛЕНИИ

**Аннотация.** Аннотация: В данной научной статье рассматриваются этнопедагогические, этноисторические, этнолингвистические научно-теоретические источники преподавания кыргызского языка как родного, национального и государственного языка в образовательных учреждениях. В частности, проанализировано значение дидактических трудов в области этноэтнологии, связанных с преподаванием кыргызского языка в «Словаре тюркских языков» («Диваны лугатит тюрк») Махмуда Кашгари, написанном в XI веке в 1071-1074 годах, а также дидактических трудов в области этноэтнологии, этнолингвистики, этнопедагогики, этнокультурологии, этнофилософии того же XI века в труде Жусупа Баласагына под названием «Кут алчу билим» в области этнолитературы, этнолингвистики, этнопедагогики, этнокультурологии, этнофилософии в современном образовательном процессе, и показано значение этих трудов. Проведен анализ научно-теоретических исследований, служащих научно-теоретическим источником в преподавании кыргызского языка в этнопедагогическом и этнолингвистическом направлениях, и при этом особый акцент сделан на необходимости всесторонней реализации вопроса обучения родному языку, национальному языку на этнопедагогической основе.

**Ключевые слова:** обучение родному языку на этнопедагогической, этноисторической, этнолингвистической основе, народная педагогика, национальная идея, национальный дух, путь, научно-теоретические исследования, этнопедагог-педагог.

**Musaeva V.I.**
doctor of pedagogical sciences, professor
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Baibosova D.K.**
graduat student
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Gaparova A.E.**
graduate student
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.

## SCIENTIFIC AND THEORETICAL ISSUES OF TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE IN THE ETHNOPEDAGOGICAL AND ETHNOLINGUISTIC DIRECTION

**Abstract.** This scientific article examines ethnopedagogical, ethnohistorical, ethnolinguistic scientific and theoretical sources of teaching the Kyrgyz language as a native, national and state language in educational institutions. In particular, the significance of didactic works in the field of ethnoethnology related to the teaching of the Kyrgyz language in the "Dictionary of Turkic Languages" ("Divany lugatit turk") by Mahmud Kashgari, written in the 11th century in 1071-1074, as well as didactic works in the field of ethnoethnology, ethnolinguistics, ethnopedagogy, ethnocultural studies, ethnophilosophy of the same 11th century in the work of Zhusup Balasagyn entitled "Kut alchu bilim" in the field of ethnoliterature, ethnolinguistics, ethnopedagogy, ethnocultural studies, ethnophilosophy in the modern educational process is analyzed, and the significance of these works is shown. The analysis of scientific and theoretical studies serving as a scientific and theoretical source in teaching the Kyrgyz language in the ethnopedagogical and ethnolinguistic directions is carried out, and at the same time, special emphasis is placed on the need for a comprehensive implementation of the issue of teaching the native language, the national language on an ethnopedagogical basis.

**Keywords:** teaching the native language on an ethnopedagogical, ethnohistorical, ethnolinguistic basis, folk pedagogy, national idea, national spirit, path, scientific and theoretical research, ethnopedagogue-teacher.

Учурда бүт дүйнө жүзүндөгү, анын ичинде, билим берүү системасындагы санариптештирүү, жасалма интеллект сыяктуу маалыматтык технологиянын тез темпте өнүгүүсү, дүйнөлөшүү, ааламдашуунун өтө ылдамдыкта кучак жаюусунан улам, ар бир эл, калк, улут, мамлекет, биринчи кезекте, өзүнүн улуттук баалуулуктарын, нарк-насилин, тилин, маданиятын байытуу, өркүндөтүү, ата-бабадан бери карай таберикке калган таалим-тарбиялык улуттук уңгужолуна, асыл зат сапаттарына кайтуу, рухий-көркөм-адабий-маданий байлыктарын, элдик мурастарын сактоого, коргоого, жаңы табылгалар менен толуктоого кам көрүп жатышкандыгын табигый көрүнүш катары кароого болот. Нечендеген кылымдарды карытып, калыптанган элдик асыл баа мурастарды окуп-үйрөнүү багытын көздөгөн кайра жаралуу доору эбак эле башталган десек болот. Эне тилин, кыргыз тилин окутууну улуттун уңгужолуна багыттоодо алгачкы агартуучулардан, айрыкча, быйылкы жылы биздин окуу жайыбыз 80 жылдык мааракесин белгилеп жаткан тунгуч Кыргыз алиппесинин автору И.Арабаевдин [4;14] кошкон салымын өзгөчө баса белгилеп айтуу менен И.Арабаев өз учурунда окуу китептерине киргизген кыргыздын элдик макал-лакап, табышмак, жаңылмач, жомок-аңгемелеринин бүгүнкү күндө мектептерде окутулбай калгандыгын өкүнүү менен айтаар элек.

“Өсөөр өзүн сыйлайт” дегендей, өлкөбүздүн өр таянып өнүгүүсүндө биринчи кезекте улуттук эне тилибизди элибиздин маданий-рухий санжыра-казыналары менен биргеликте жуурулуштуруп, жаштарга окутуп-үйрөтүү менен кийинки урпактарга калтыруубуз учурдагы эң маанилүү да, өзөктүү да, талуу да маселелердин бири болуп саналып, “мекенге атуулдук кызмат кылуу, ата салтын, эне адебин бекем тутуу вазийпасы бүгүнкү муундун алдына жаңы милдеттерди коюп жаткан учуру”.

Кыргыз тилин этнопедагогикалык, этнолингвистикалык багытта окутуунун илимий-теориялык булактары катары биз, айрыкча, төмөндөгүлөргө токтолмокчубуз. Алар кайсылар:

Бекеринен, Махмуд Кашгари жана Жусуп Баласагын бабаларыбыз – түрк тилдеринин орто кылымдагы улуу ойчулдары, дүйнөлүк деңгээлде ой жүгүрткөн этнотүркологиянын чыгаан аалымдары жана жазуучулары катары түрк тилинин, анын ичинде, кыргыз тилинин, кыргыз маданиятынын, адабиятынын өнүгүшүнө зор салым кошушпагандыгын карт тарых тастыктап отурат [9, 11]. Эки аалым тең мындан он кылым мурда эле этнолингвистикалык, этнопедагогикалык, этномаданият таануучулук, этнографиялык, этнорухий, этнопсихологиялык багыттагы акыл-насаат, осуяттарын, этнофилософиялык алдыңкы көз караштарын мурас катары калтырышкандыгын, алар азыр да маанилүүлүгүн жоготпогондугун, бул эмгектерде канткенде туура жолго багыт алуу керектиги тууралуу, керек болсо, жалпы мамлекеттик деңгээлдеги көйгөйлөр көтөрүлгөндүгүн убакыт өткөн сайын толук кандуу таанып-билип, барк-баасын кеч болсо түшүнүп-туюнуп отурабыз. Ошондой эле, билим берүү мекемелеринде кыргыз тилин окутууда этнотарыхый, этноархивдик окуу-дидактикалык материалы катары колдонуубуздун зарылдыгын дагы белгилеп кетмекчибиз.

Түрк тилдеринин алгачкы лексикографы, илимпозу Махмуд Кашгаринин XI кылымдын 1071-1074-жылдарда жазылган “Түрк тилдеринин сөздүгү” (“Диваны лугатит түрк” ) аттуу эмгегинде түрк элинин үрп-адат, каада-салттары менен бирге эле түрк элинин тилдериндеги этнолингвистикалык, этнопедагогикалык багыттагы сөздөрдү, сөз айкаштарын, макал-лакаптарды, ырларды, поэтикалык үзүндүлөрдү таап, жыйнап, аларды салыштырып, изилдеп, түрк тилинин алгачкы тилдик-этногеографиялык картасын иштеп чыккан.

Махмуд Кашгари “Кимде-ким бирөөгө жардам берсе, ал ошол жардам аркылуу өзүнүн жүрөгүн тазалайт” деп, адамдын инсандык асыл наркын, рухий жан дүйнөсүнүн тазалыгын, аруулугун, дегеле, бири-бирине кол сунган элдердин достугун, ынтымак-ырашкерлигин жалпы адамзаттык баалуулуктарды осуят катары калтыргандыгын билебиз.

Ошол эле XI кылымда Жусуп Баласагын “Кут алчу билим” аттуу эмгеги [9] этноадабият, этнолингвистика, этнопедагогика, этномаданият таануучулук, этнофилософиялык жаатындагы акыл-насаат үлгүсүндөгү дидактикалык дастан катары билимдин барк-баасын даңазалагандыгы менен баалуу. Жусуп Баласагын:

- “Билимге караганда дагы жогорку нерсе жок.
- Билим ар бир адамга багыт берет.
- Ал адамды жан дүйнөсү менен бекемдейт.
- Эгерде, билимди сактай албасаң, ал сен үчүн кымбат баа албай калат” деп, билимди негизги маселе катары коюп, билим гана адамды туура жолго салып, акыл-эсин жогорку инсандык сапаттарын өнүктүрүү менен бийиктиктерге умтултаарын тастыктаган.

Жусуп Баласагындын “Кут алчу билим” китеби [9] кийинки урпактарга, жаштарга акыл-насаат айтуу таризинде “канткенде жакшы адам болуу менен даанышмандарга урмат-сый көрсөтө билүү” таалим-тарбиясы да элдин турмушунун калың катмарынан алынып, түрк уруулары анын ичинде кыргыздарда колдонулган элдик педагогиканын идеялары сиңирилген. Бул эки эмгек тең этнотарыхый мурас катары бүгүнкү күндө эне тилин

этнопедагогикалык нукта окутууда алдыга туура жол көрсөткөн шам чырак катары эң башкы орунда тураары айдан анык.

Мына ушундан улам, эгерде, азыркы билим берүү системасындагы, илим чөйрөсүндөгү ар бир жасаган кадамыбыз элдик педагогикага, этнопедагогикага ылайыкталып жасалып, алардын жол-жобо, идеяларына багытталса, этноулуттук баалуулуктарыбыз менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды ылайыгына жараша айкалыштыра билсек, анда, албетте, эгемендүү мамлекет катары ийгиликтерди гана багындырып, өсүштөргө гана ээ болоорубузга анык ишенимибизди арттыра алабыз.

Элдик педагогика жана этнопедагогика деген бири-бири менен ажырагыс чырмалышкан түшүнүктөрдү билебиз. Мисалы, кыргыз элинде нарк-насил, таалим-тарбия маселеси жалаң элдик педагогикага негизделип, ар бир үй-бүлөдөн баштап, байыртадан эле калыптанган. Анткени ар бир үй-бүлөдө ата-энеси балдарын:

- Ата-энеңди сыйла, эли-жериңе кызмат кыл”
- “Калп айтпа, ушак сүйлөбө, ууру кылба”
- “Улууну урматта, кичүүнү ызатта”
- “Кыздуу үйдө кыл жатпайт”
- “Жакшы кыз – жакадагы кундуз, жакшы уул көктөгү жылдыз”
- “Эр жигит эл четинде, жоо бетинде” деген сыяктуу жана башка элдик накыл кептер менен тарбиялап, өстүрүү менен ушул учурга чейин жетип, өз алдынча мамлекет катары дүйнөгө таанылып отурабыз. Демек, элдик педагогика элдин турмуштук муктаждыгынан, зарылдыктан улам пайда болгон.

Г.Н.Волков 1966-жылкы «Чуваш элинин этнопедагогикасы» [7] жана 1974-жылкы «Этнопедагогика» [8] аттуу эмгекте «элдик педагогика - элдин оозеки чыгармачылыкта, үрп-адат, каада-салттарда сакталган педагогикалык идеяларынын жана тарбиялык тажрыйбаларынын тутуму, оозеки педагогикалык чыгармачылык» [7,8] деп, элдик педагогика менен этнопедагогиканын карым-катнашын жана өзгөчөлүктөрүн ачып берген [11]. Дүйнө жүзүндөгү ар бир эл, калк, журт өзүнө гана таандык элдик педагогикасын түзүп, жаратат. Этнопедагогикадагы аттын кашкасындай таанымал окумуштуу Волков Геннадий Никандрович өзүнүн “Этнопедагогика” [8] аттуу эмгегинде мурдагы белгилүү педагогдордун элдик педагогиканын тажрыйбаларын үйрөнүүгө атайын көңүл буруп, иликтегендиктерин айтып келип, мындай дейт “... Я.А.Коменский на основе обобщения опыта домашнего воспитания в трудовых семьях выдвинул и разработал идею «материнской школы»...” [8, 5-б.]. Демек, белгилүү педагог Я.А. Коменский да элдик педагогиканын башаты үй-бүлөдөн башталаарын тастыктап, алгачкы ирет “энелер мектебин” негиздөө менен “... энелер мектебинин максаты – бардык үй-бүлөнү мыкты тарбиянын негизинде гана үлгүлүү үй-бүлөнүн деңгээлине жеткирүү...” [8, 5-б.] зарылдыгын айткан. Ошондой эле, Я.А.Коменский чех элдеринин байыркы бай тажрыйбасындагы элдик оозеки чыгармачылыгынын сөз берметтерин жыйноо менен “өз эне тилин кадырлап, мыкты билген улутту гана башка улуттар урматтай тургандыгын” (Я.А.Коменский) баса белгилеген.

Анын идеясын андан ары Песталоцци улантып, “Энелер үчүн китеп”, “Гертруда өзүнүн балдарын кантип окутат?”, “Лингард менен Гертруда” деген эмгектеринде [8, 5-б.] кресьтян үй-бүлөсүндөгү тарбиялык тажрыйбаларды жалпылаштырып, жыйнап, элдик педагогиканын формасы катары сунуштоо менен “... өгөй атасынын үйүн ал ыйман-

ынсаптын мектеби" деп атаган [8,5-б.]. Бул идея бүгүнкү күнү бизде да улантылып, Баткендик чыгармачыл мугалим Гапыр Мадаминов да энелер мектебин ачып, энелерди атайын окутуп, китептерди даярдап, үзүрлүү иштеп жаткандыгын билебиз.

Ал эми К.Д.Ушинский болсо "... элдик педагогиканы Ата Мекендик педагогикалык илимдин түзүлүшүнүн эң бир маанилүү фактору..." [8, 5-б.] катары эсептеп, "... элдик тарбия гана элдик өнүгүүнүн тарыхый процессинде тирүү орган катары саналат..." деп, [8, 5-б.] бүткүл педагогикалык илим үчүн эң маанилүү жана негизги ойду айткан.

"Элдик педагогика – бул эл тарабынан иштелип чыккан жана элдик оозеки чыгармачылыкта, сал-санаада, үрп-адаттарда, ырым-жырымдарда, оюн-зооктордо, этнографиялык, тарыхый жана археологиялык материалдарда сакталып келген педагогикалык идеялардын жана тарыхый тажрыйбалардын чогулгандагысы. Демек, элдик педагогика – бул улуттун сабаттуулугунун жана маданияттуулугунун башаты, анын уюткусу. Элдик педагогиканын жоболору элдин өзүнүн турмуштук зарылчылыгынан келип чыгып, илимий педагогика пайда болгонго чейин эле ошол элдин башын кошуп, өнүктүрүп, өстүрүп, тарбиялап, окутуп, ошол калктын өзүнүн жүзүн, өзүнүн наркын башка элдердин катарында калыптанышын камсыз кылып келген. Кыргыз элдик педагогикасынын нукура үлгүлөрүн, нукура жоюолорун, кыргыздын улуттук педагогикалык таалим-тарбия берүүчү эрежелерин "Манас" эпосунан көрүүгө болот" деген пикирин окумуштуу И.Б.Бекбоев "Элдик педагогика деген эмне?" аттуу макаласында [5] билдирген.

Элдик педагогиканы изилдөөгө бардык учурда окумуштуулар кызыгып келишкен. Төмөндө биз ар кыл улуттун өкүлдөрүнүн, окумуштууларынын элдик педагогика тууралуу ой-пикирлерин келтиребиз. Мисалга алсак:

Г.Н.Волков "Элдик педагогика – элдик оозеки чыгармачылыкта, үрп-адат, каада-салттарда, оюн жана оюнчуктарда сакталган элдин педагогикалык идеяларынын жана тарбиялык тажрыйбаларынын тутуму, оозеки педагогикалык чыгармачылык" [7, 8] десе; Я.И.Ханбиков "Окутуу, тарбиялоонун максатын, милдеттерин, каражаттарын, көндүм, ыкмаларын өз ичине камтыган элдик эмпирикалык билимдердин тутуму [1] катары караган; Ал эми А.Ш.Гашимов "Эл массасынын тарбия жаатындагы көз караштарынын, үрп-адат, каада-салттарынын жыйындысы" [1]; А.Э.Измайлов "Эл массаларынын тарыхый жана социалдык тадрыйбаларынан улам жаралып, практикада текшерилип, тастыкталып, муундан муунга оозеки өтүп келген эмпирикалык билим, көндүм, ыкмалардын тутуму [10] деген.

Кыргыз этнопедагогикасын изилдөөчү А.Алимбеков "Элдик педагогика – бул улут болуп калыптанганга чейин эле узак мөөнөт жашап, белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардан, элдин керектөөлөрүнүн негизинде өнүгүп-өркүндөп, адамды муундан-муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин ыймандык нарк-дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоого багытталган эмпирикалык билимдердин жана практикалык иш-аракеттердин бөтөнчө системасы" [1] түрүндө баалаган.

Кыргыз этнопедагогикасынын илим катары калыптанышына негиз салган окумуштуу катары Талип Ормоновду [12;13] айтууга татыктуу. Анткени, этнопедагогика тууралуу сөз кылууга мүмкүн болбогон өнүккөн советтик тоталитардык доордогу 1972-жылдагы Т. Ормонов "Байыркы кыргыздардын педагогикалык көз карашы ("Манас" эпосунун мисалында)" аттуу темадагы кандидаттык диссертациясын Казань шаарынан коргогон жана анын негизинде автордун бир катар эмгектери, илимий макалалары [12, 13] жарык көргөн

Ал өзүнүн диссертациясында кыргыз элинин балдарды жоокерчиликке, эли-жерин коргогон патриоттуулукка кантип тарбиялагандыгын “Манас” эпосунун мисалында тастыктаган.

Андан соң, 1974-жылы Бекембай Апышев [2] элдик салттарды кыргыздын айылдык мектептеринде пайдалануу боюнча Казань шаарында кандидаттык диссертациясын жактаган. 1975-жылы Жолчубек Бешимов Кыргызстандын мектептеринин жогорку класстарында элдик салттарга таянып, адептик тарбия берүү боюнча кандидаттык диссертациясын Казань шаарында жактаган.

Т.Ормонов да, Б.Апышев да, Ж.Бешимов да аттары аталган үч окумуштуу тең Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун педагогика кафедрасында эмгектенишип, ошол учурдагы катаал саясатка карабастан, баштарын сайып, изилдөөгө алышып, кыргыз этнопедагогикасынын илимий жактан өнүгүшүнө негиз салуу менен олуттуу салым кошушкан [2, 6, 12, 13].

Андан бери карай кыргыз этнопедагогикасынын өнүгүүсүнө М.Р.Рахимова менен Т.В.Панкованын “Кыргызская народная педагогика”, А.Э.Измайловдун “Народная педагогика” аттуу эмгектери, ошондой эле, Ж.Койчуманов, Л.А.Шейман, Н.Имаева, А.Калдыбаева, А.Исаев, А.Аттокуров, А.Акматалиев, А.Алимбеков, Т.Үмөтов, С.Иптаров, С.Рысбаев, М.Манликова, А.Муратовдун эмгектери да өздөрүнүн салымын кошушуп, 2000-жылдардан кийин бир катар докторлук диссертациялар корголгон.

Бул жааттагы илимий изилдөө иштеринин чекеси дагы оюла электигин баса белгилөөгө болот. Ушуну менен бирге эле, тигил же бул кесипке багытталган ар бир билим берүү мекемелеринин окуу программа, окуу куралдарынын мазмунун дал ошол кесипке багыт берүүчү кыргыз этнопедагогикалык кырдаалдагы окуу материалдары камтылуусу да келечекте толук кандуу мекенине ак кызмат өтөй турган адис жаштарды даярдоого мүмкүнчүлүк түзмөкчү.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Бишкек, 1996. – 66 с.
2. Апышев Б.А. Народные традиции и их использование в трудовом воспитании старшеклассников: Автореф. дисс. канд. пед. наук: 13.00.01. – М., 1974. – 20 с.
3. Апышев Б.А., Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика. – Ош, 2002. – 440 с.
4. Арабай уулу Э. Кыргыз Алиппеси. – Ташкент, 1924.
5. Бекбоев И.Б. Элдик педагогика деген эмне? // Эне тили. – 1992. – 14 апр.
6. Бешимов Ж. Народные традиции в нравственном воспитании школьников старших классов (на материале Киргизии): Автореф. дисс. канд. пед. наук. – Казань, 1975.
7. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб. для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений. – М.: Изд. центр «Академия», 1999. – 168 с.
8. Волков Г.Н. Этнопедагогика. – Чебоксары, 1974.
9. Жусуп Баласагын. Кут алчу билим. – М.: НИК, 1993. – С. 60–62. – 493 с.
10. Измайлов А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана. – М.: Педагогика, 1991. – 252 с.
11. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү (Дивани лугатит түрк). Т.1. – Бишкек: Avrasyapress, 2011. – 906 с.
12. Ормонов Т. Мудрые заповеди народа // Семья и школа. – 1977. – №11.

13. Ормонов Т. Педагогическая пансофия киргизского народа // Советская педагогика. – 1978. – №1.
14. Мусаева В.И. И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2018. – Атайын чыгарылыш. II бөлүк. – С. 106–111.

**Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Добаев К.Д.**